## ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ
## ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ
## ECONOMIC SCIENCES

*Омурзаков С.А., Калбаева Р.Д.*

# ТУРИЗМ БИЗНЕСИНИН ӨНҮГҮШҮНҮН РЕГИОНАЛДЫК АСПЕКТИЛЕРИ

*Омурзаков С.А., Калбаева Р.Д.*

# РЕГИОНАЛЬНЫЕ АСПЕКТЫ РАЗВИТИЯ ТУРИСТИЧЕСКОГО БИЗНЕСА

*S.A.Omurzakov, R.D. Kalbaeva*

# REGIONAL ASPECTS OF THE DEVELOPMENT OF THE TOURIST BUSINESS

*УДК: 338.49/534 (04)*

*Илимий макалада туризм бизнесинин өнүгүшүнүн регионалдык аспектилери каралган. Макалада туризм бизнесин уюштуруунун регионалдык өзгөчөлүктөрү, туристтик бизнести өнүктүрүүдө региондордун туристтик потенциалдарын натыйжалуу пайдалануу жолдору, туристтик ишмердүүлүктү мамлекеттик жөнгө салуу маселелери терең изилденген.*

***Негизги сөздөр:*** *туризм бизнеси, туристтик тармак, регионалдык аспектилер, туристтик потенциал, туристтик ишмердүүлүк, мамлекеттик жөнгө салуу.*

*В научной статье рассматриваются региональные аспекты развития туристического бизнеса. В ней глубоко исследованы вопросы региональных особенностей развития туристического бизнеса, пути эффективного использования туристического потенциала регионов в развитии туристического бизнеса, государственного регулирования туристической деятельности.*

***Ключевые слова:*** *туристический бизнес, туристическая отрасль, региональные аспекты, туристический потенциал, туристическая деятельность, государственное регулирование.*

*Regional aspects of the development of the tourist business are considered In scientific article. In her deeply explored questions of the regional particularities of the development of the tourist business, way of the efficient use the tourist potential region in development of the tourist business, government regulation to tourist activity.*

***Key words:*** *the tourist business, tourist branch, regional aspects, tourist potential, tourist activity, government regulation.*

Туризм бизнеси ачык түрдөгү регионалдык мүнөзгө ээ. Буга негиз болуп бир топ аргументтерди келтирсек болот. Биринчи аргумент туристтик бизнестин басымдуу көпчүлүгү, жаратылыштын өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу жана жаратылыштагы баалулуктарды пайдалануу негизинде уюштурулган. Буга мисал болуп туристтик маршруттарды, ысык булактардын негизинде түзүлгөн дарылоо санаторияларды жана курортторду, жаратылыштын уникалдуу жерлерин, кыш мезгилинде лыжа тебүү же болбосо ат минүү жана башкаларды айтсак болот.

Демек жаратылыштын баалуулуктары кандайдыр бир атаандаштыкты түзөт дагы, туристтерди өзүнө тартып алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Экинчиден туристтерди тейлөө, алардын келүүсүнө жана жайгашып кетүүсүнө шарт түзөт дагы регионалдык өзгөчөлүктөргө ээ. Тактап айтканда туристтерди тейлөө багытындагы адистер жана кызматкерлер керек. Алардын кандайдыр бир бөлүгү жергиликтүү калктан болушу абзел. Себеби жергиликтүү калк жашоо мүнөзү менен жаратылыш шарттарына көнгөн жана тейлөө ыкмалаларын бат өздөштүрөт. Ал эми туристтердин жайгашуусуна, келүүсүнө дагы регионалдык факторлордун ролу чоң. Алардын негизгилери инфраструктура, башкача айтканда ар түрдүү транспорттун жүрүшүнө жол, туристтердин жайгашуусуна турак-жай, тамактануусуна тийиштүү шарттар, эс алуусуна ыңгайлуу базалар жана башка дагы территориянын орнолгон жерине алардын борбордон жакын же узак аралыгынын көп көз карандуу. Үчүнчүдөн жергиликтүү калктын турмуш-тиричилигине туристердин тосколдук бербегени, тескерисинче алардын жашоосуна кандайдыр бир позитивдүү көрүнүштөрүн жасоо дагы регионалдык фактор катары эсептесек болот.

Кыскасын айтканда туризм бизнесин уюштурууда негизинен регионалдык өзгөчөлүктөр, анын ичинен жаратылыш өзгөчөлүктөрү чоң роль ойнойт. Ошого жараша туристтик бизнести уюштуруу ыңгайлуу болот. Албетте бул жагдайда негизгилерден болуп экономиканын механизмдери, башкача айтканда туристтерден түшкөн кирешени жана пайданы бөлүштүрүүнү, бийликтердин ар түрдүү бутактардын ортосундагы мамилелерди туура уюштуруу керек. Мындай жагдайды Кыргызстандын эле тажрыйбасында бир топ чечилбеген көйгөйлөр кездешип келе жатат.

Ал эми туристтик бизнес чөйрөсүндө рынок структуралары түзүлгөнүнө карабай жергиликтүү бийликтер менен алардын мамилеси, башкача айт-

канда экономикалык механизмдер дагы эле тийиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес. Ошондуктан бир топ конфликтүү ситуацияны байкоого болот, мисалы: жергиликтүү өзүн өзү башкаруу бийлигине же мамлекеттик органдарга жаратылыштын баардык түрлөрү карайт. Ал эми туристтик бизнести уюштуруу рынок структураларында. Бирок, тилеке каршы алардын ортосунда кандай гана келишимдер түзүлбөсүн өз ара түшүнбөстүктөр жаралып келе жатат. Буга мисал болуп көптөгөн санатория курорттордун профсоюз карамагында болушу жана ушул эле учурда профсоюз тарабынан башкаруунун алсыздыгы кала берсе консервативдик эскиден калган ыкмалар болуп саналат.

Рынок мамилелери универсалдуу болгондуктан туристтик бизнести өнүктүрүүдө биринчи иретте регионалдык туристтик потенциалды түзүп жана аны туура пайдалануу керек.

Потенциалдын ар бир түрү өзүнө жараша параметрлер жана касиеттер менен мүнөздөлөт. Туристтик потенциалды алсак туристтик бизнести жүргүзүүгө керек болгон ресурстар менен бааланат. Ал ресурстарга А.Низамиевдин оюу боюнча төмөнкүлөр кирет.

А1 – райондун рельефтик жактан ыңгайлуулугун баалоо (жердин бетинин, капчыгайдын, бийиктиктин мүнөздөмөсү ж.б.);

А2 – ошол эле, климаттык жактан ыңгайлуулугу (күн радиациясы, булуттуулугу, абанын температурасы ж.б.);

А3 – ошол эле, суу менен камсыз болушу (дарыя, көл ж.б. );

А4 – ошол эле, бальнеологиялык ресурстар;

А5 – ошол эле, райондун токойлуулугу, калыңдыгы;

А6 – ошол эле, туристтер үчүн табигаттын сейрек кездешүүчү объектилердин бардыгы (шаркыратма, үңкүр ж.б. );

Л1 - ошол эле, адамдын ден соолугу, өмүрү үчүн коркунуч келтирген жаратылыштык процесстер (лавалык бузулуштар, таштын түшүшү, көчкү, сел ж.б.);

Л2 – ошол эле, райондун геоморфологиялык өзгөчөлүгү, рекреациялык объектилерди жайгаштырууда техникалык жактан кыйынчылыктары (аң, жар, тик, ылдыйыш жерлер, жылчыгып суу чыгуучу жер кыртыштары, районго өтүүгө кыйын болгон жерлер ж.б.) [2].

А. Низамиев ушундай методиканын негизинде туристтик потенциал боюнча облустардын рейтинги балл боюнча аныктаган. Анын аныктамасы боюнча Ош облусу - 21 балл, Жалал-Абад - 22 балл, Талас - 11 балл, Чүй – 16 балл, Нарын – 15 балл, Ысык-Көл облусу 24 баллга ээ [2]. Жогорууда айтылганына караганда Ысык-Көл облусунун потенциалы Талас облусунун потенциалына караганда 2,2 эсе, Ош облусуна караганда 1,2 эсе, Жалал-Абад облусуна караганда 1,1 эсе көптүк кылат. Негизинен мындай тенденцияны туура деп тапсак болот. Ушуга байланыштуу ар түрдүү региондордун, кала берсе райондордун жердин потенциалын аныктап өзүнчө туристтик кадастар түзүүгө болот жана туристтик агымдардын көлөмүн аныктоого да мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Туризмде жаратылыш факторлордон башка туристтик потенциялга таасирин тийгизген саясий экономикалык маданиятын жана башка таасирлерди айтууга болот. Булардын арасынан биздин оюбузча саясий жана экономикалык деңгээли чечүүчүлөрдөн болуп эсептелет, себеби канчалык экономиканын өнүгүшү жана саясий кырдалдын абалы жогорку деңгээлде болсо ошончолук туристтик бизнестин жакшыртууга мүмкүнчүлүгү жогору болот. Ошону менен бирдикте туристтик бизнес чөйрөсүндө туристтердин укугун коргоо, алардын коопсуздугун камсыз кылуу эң негизги талаптардын бири болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасындагы туристтик ишмердүүлүктү мамлекеттик жөнгө салуу Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктоо; туризм чөйрөсүндө укуктукченемдик жөнгө салуу; туризмди өнүктүрүүнүн мамлекеттик, тармактык, максаттуу жана аймактык программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; ички жана дүйнөлүк туристтик рыноктордо туристтик продукцияларды алдыга жылдырууга көмөктөшүү; туристтердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, алардын коопсуздугун камсыздоо; туризм чөйрөсүн адистер менен камсыздоого көмөктөшүү; туризм чөйрөсүндөгү илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү; туристтик индустриянын объекттерин стандартташтыруу жана классификациялоо; туроператорлордун бирдиктүү мамлекеттик реестрин калыптандыруу жана жүргүзүү; туризмди маалыматтык камсыздоо; туристтик индустрияны өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү; туризм чөйрөсүндө мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү; туризм чөйрөсүндө чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен, мунун ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары болгон аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүктөрү аркылуу өз ара аракетенишүү жолдору менен ишке ашырылат.

**Адабияттар:**


1. Курманалиева Ж. и др. Проблема туристического сектора Кыргызской Республики и пути их решения. - Бишкек, 2003.
2. Низамиев А.Г. Туризм Кыргызстана: социально-экономические аспекты. - Ош, 2005.
3. Камчыбеков Т.К. и др. Маркетинг в сфере туризма. - Бишкек, 2005.


**Рецензент: д.э.н., профессор Арзыбаев А.А.**